**«Жалбыз жыты»**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Карымов Айбек Үсөнович

Жалбыз жыттуу айлыбыздын четинде,
Жолукчубуз күүгүм талаш кечинде.
Кумар канбай сөздөрүбүз түгөнбөй,
Өткөзгөн түн унутулбай эстмде.

Кайрыма:
Жалбыздын жыты аңкып,
Денеде сүйүү балкып.
Кучагың магниттей,
Өзүңө турса тартып.
Сүйгөнүң назик сылап,
Сүйүүсүн турса айтып
Керемет ошол кездей,
Барбы экен мындан артык.

Жалбыз үзүп кытыгылап жүзүмдөн,
Эркелеткен кезиң кетпей түшүмдөн.
Ошол күндүн бир бактылуу элесин,
Ырга айлантып ак кагазга түшүргөм.

Жалбыз жытым десең жүзүм албырып,
Жүрөгүмө сүйүү отун жандырып.
Жалбыз жыттуу жалынычтуу сөздөрүң,
Баш айлантчу кээде эстен тандырып.

Лариса Асанбекова